DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Тыналиева Г.*

## КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНЫН ЖАНА ИСКУССТВОСУНУН БҮГҮНКҮ ӨЗГӨРҮҮСҮ

*Тыналиева Г.*

## СЕГОДНЯШНЕЕ ИЗМЕНЕНИЕ КЫРГЫЗСКОЙ КУЛЬТУРЫ И ИСКУССТВА

*G. Tynalieva*

## TODAY'S CHANGE IN KYRGYZ CULTURE AND ART

*УДК: 796.5:745.622 (575.2) (04)*

*Бүгүнкү күндө маданият адамдын ишинин ар кандай чөйрөсүндө, анын ичинде идеалогиялык, руханий, саясий, башкаруучулук, ишкердик жана жарандык чөйрөдө баалуулуктун өзөгү жана багыты катары негизги ролду ойнойт. Бүгүнкү күндүн башкы максаты - улуттун чыгармачыл потенциалын өнүктүрүүнү камсыз кылуу, элдин маданий баалуулуктарын, каада салттарын жана мурастарын сактап калуу, жаш муундарды руханий жактан өнүктүрүүнүн жана мекенчилдикке тарбиялоонун булагы, ошондой эле дүйнө менен таанышуу маданияты болуп саналат. Театр искуствосунун өзгөчө миссиясы - коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүндө адамдарды чыгармачылыкка үндөп, идеяларды жана баалуулуктарды коомдук аң сезимге жеткирүү.*

***Негизги сөздөр:*** *маданият, искусство, театр, руханийлик, адеп-аклактуулук, көркөм сүрөт, адабият.*

*Культура сегодня играет ключевую роль ценностного стержня и ориентира в любой сфере деятельности человека, включая идеологическую, духовную, политическую, управленческую сферу бизнеса и гражданскую. Главная цель сегодняшнего дня заключается в том, чтобы обеспечить развития творческого потенциала нации, сохранить культурные ценности, традиции и наследие народа, как ресурс духовного развития и патриотического воспитания подрастающего поколения, а также приобщение к мировой культуре. Особая миссия театра - побуждать людей к творчеству во всех сферах общественной жизни, донести идеи и ценности до общественного сознания.*

***Ключевые слова:*** *культура, искусство, театр, духовность, нравственность, изобразительное искусство, литература.*

*Culture today plays a key role as a value core and guideline in any area of human activity, including ideological, spiritual, political, managerial, business and civil. The main goal of today is to ensure the development of the creative potential of the nation, the preservation of cultural values, traditions and heritage of the people, as a resource for spiritual development and patriotic education of the younger generation, as well as familiarization with world culture. The special mission of the theater is to encourage people to be creative in all spheres of public life, to convey ideas and values to public consciousness.*

***Key words:*** *culture, art, theater, spirituality, morality, fine arts, literature.*

Азыркы мезгилде терең саясий, социалдык, экономикалык, маданий өзгөрүүлөр болду. Мамлекеттик жана коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрү, анын ичинде биздин мамлекеттин маданияты жана искусствосу түп-тамырынан бери реформаланды. Бизнес коомчулугу, мамлекет, социум менен искусствонун ортосунда жаңы союздук байланыштар түзүлдү. Маданияттын жана искусствонун бардык чөйрөлөрүндө структуранын өзгөрүшү. Өлкөнүн маданий турмушун калыптандырууга мамлекеттин катышуу багытын өзгөртүү үчүн толуктоо киргизели. Заманбап дүйнөдө алдыңкы орунду ээлеген ар бир мамлекетте искусствонун болушу жана өнүгүшү аны глобалдык контекске киргизүү зарылдыгын аныктайт. Биринчиден, мүмкүн болушунча, дүйнөлүк маданий процессте топтолгон бардык жакшы нерселерди колдонуу керек, экинчиден, өзүнүн каада салттары менен руханий мурастарын сактап калуу керек, үчүнчүдөн, - товарлардын, адамдардын жана капиталдын кызмат көрсөтүүлөрүнүн эркин жүрүүсүнүн шарттарында эл аралык мейкиндикте кыргыз искусствосунун жана билим берүү мекемелеринин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн уюштуруучулук жана каржылык мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө умтулуу керек. Өлкөнүн маданияты- мамлекет тарабынан колдоого алынууга тийиш. XXI кылым жаңы социалдык маданий доордун башталышы. Дүйнө жүзү боюнча социалдык курулуш жана демократиялык баалуулуктарды бекемдөө, экономикалык жана саясий укуктарды социалдык жана маданий укуктардан бөлүп-бөлүп ишке ашырууга болбой тургандыгын көрсөтөт. Экономикалык жана саясий факторлор жашоонун жолун жана деңгээлин аныктайт. Маданият биздин ой

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жүгүртүү, элестетүү жүрүм-турумубуз, билимдин булагы... Маданият адамды калыптандырат жана адам биз жашаган дүйнөнү калыптандырат.

Мына ушул учур талабына ылайык, Улуу кыргыз маданиятын жана искусствосун жаңыча калыптандыруу, кайра жаралуусуна зор өзгөрүү киргизүү зарыл: Мамлекеттик идеалогия. Адеп-ахлактуулук. Руханийлик.

Азыркы мезгилдин актуалдуу көйгөйлөрүнүн бири, жаштарга адеп-ахлактык тарбия берүү. Тээ байыртадан келе жаткан ата-бабаларыбыздын баа жеткиз руханий байлыктарын, философиялык терең ой жүгүртүүлөрүн, чыгармалардагы көркөм чексиздиктерди окуп үйрөтүү. Адамдын аң-сезимин, абийирин, акылын жана сүйүүсүн ойготкон кандайдыр бир күчү бар, байыркы кылымдардан бери келе жаткан улуу ойчулдар, жазуучулардын чыгармаларына кайрылуу.

Бүгүнкү күндө биздин коом билимдүү, интелектуалдык жана руханий жактан өнүккөн, өз элинин тагдыры үчүн күрөшкөн жооптуу жаштарга муктаж болуп турат. Бирок дүйнөлүк интеграция жана ааламдашуу шарттарында, жеке адамдык сапаттарсыз, глобалдык ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүсүз, адеп-ахлактык принциптерсиз - алар үчүн туура чечимдерди кабыл алуу жана миң жылдыкта адамзат жараткан баалуулук мамилелерди сактоо кыйынга турат. Жаңы миң жылдыкта адамдын жашоосундагы тартыштык материалдык баалуулуктар эмес, чыныгы адамдык сапаттар: боорукердик, кайрымдуулук, чынчылдык, сезимталдык, ишеним, чыдамдуулук жана жоопкерчилик.

Руханийлик- бул адамдын өзүн-өзү аңдап билүү абалы, ал ойлордо, сөздөрдө жана иш аракеттерде чагылдырылат. Руханий тарбия – адамдын инсандык, адеп-ахлактык жактан: музыка, театр, көркөм сүрөт, адабият аркылуу калыптануусу.

Бүгүнкү күндө маданият адамдын ишинин ар кандай чөйрөсүндө, анын ичинде идеологиялык, руханий, саясий, башкаруучулук, ишкердик жана жарандык чөйрөдө баалуулуктун өзөгү жана багыты катары негизги ролду ойнойт. “Саясат маданиятты эмес, маданият саясатты аныкташы керек” Руханий адеп-ахлактык баалуулуктарга негизделген маданият заманбап цивилизациянын инновациялык жетишкендиктери менен айкалышып, Кыргызстанга башка өлкөлөрдөн айырмаланып, өзүнүн өнүгүүсүн табууга жардам берет. Бүгүнкү күндүн башкы максаты – улуттун чыгармачыл потенциалын өнүктүрүүнү камсыз кылуу, элдин маданий баалуулуктарын каада-салттарын жана мурастарын сактап калуу, жаш муундарды руханий жактан өнүктүрүүнүн жана мекенчилдикке тарбиялоонун булагы, ошондой эле дүйнө менен таанышуу маданияты болуп саналат.

Маданияттын тилинин, анын өнүгүүсүнүн идеологиялык чөйрөсүн өзгөртүүгө таасир берүү. Маданият чөйрөсүнө өзгөчө мамлекеттик жана коомдук көңүл буруу. Коомдун жана адамдын инсан катары жашоо эрежелерин калыптандыруунун фундаменталдык, артыкчылыктуу жана социалдык жактан маанилүү негизи катары кароо. Айыл жергесинде маданият жаатында мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу.

Маданий мекеменин ишмердүүлүгүнө кызмат көрсөтүү сапатынын стандарттарын киргизүү. Китепканаларды башкаруунун заманбап ыкмаларын, маданият мекемелерин жайылтуу, маданият үйлөрүн аймактардагы көркөм өнөрдүн концерттик маршруттарына киргизүү. Театрларды калк арасында руханий жана маданий баалуулуктарды үгүттөө объектиси катары өнүктүрүү. Маданият жаатында башка мамлекеттер менен эл аралык мамилелердин өнүгүшүн жана бекемделишин камсыз кылуу зарыл. Өнүгүүнүн инновациялык түрүнө өтүү экономикада өтө маанилүү. Ушул шарттарда адам капиталын калыптандырууда жетектөөчү роль маданият чөйрөсүнө жүктөлөт.

Инновациялык жол адамдардын интеллектуалдык деңгээлин көтөрүү аркылуу өтөт, бул маданий чөйрөдө гана мүмкүн, коомду өнүктүрүүнүн максаттарын жана көрсөтмөлөрүн ишке ашыруу. Маданият жаатындагы мамлекеттик саясат ар бир адамдын жана жалпы коомдун маданий руханий потенциалын өнүктүрүүгө жана жүзөгө ашырууга багытталган.

Театр – адамдардын жандуу баарлашуусунун бирден-бир чөйрөсү. Бул искусство көрүүчүгө таасир этүү күчүнө ээ, аны "биргелешип жаратууга" түрткү берет. Театрдын өзгөчө миссиясы - коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүндө адамдарды чыгармачылыкка үндөп, идеяларды жана баалуулуктарды коомдук аң-сезимге жеткирүү. Театр элдин тилин сактайт.

Мамлекеттик түздөн-түз колдоо. Улуттук театр искусствосунун жетишкендиктерин жоготпошубуз керек. Заманбап дүйнөдө алдыңкы орунду талап кылган ар бир мамлекетте искусствонун болушу жана өнүгүшү аны социалдык контекстке киргизүү зарылдыгын аныктайт. Театрга баруу мүмкүнчүлүгү шаарда жана аймакта маданий чөйрөнүн жогорку деңгээлин калыптандыруу үчүн чоң мааниге ээ. Нукура

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



искусство ар дайым жаңыча, пайдалуу да, түпкүлүктүү да. Искусство түбөлүктүү. Мезгил өзгөрдү, аны менен бирге театр өзгөрдү. Мурдагы доордой эле театр өз чагылуусун искуcтводон тапты. Театр – искусствонун өзгөчө түрү, искуствонун башка түрлөрүнөн айрымаланып, коомдогу ар түрдүү толкундарды күүлөй алат. Театрдын модели, бул коомдун модели ошондуктан театр тарыхтын бүгүнкү, кечээ күнкү жана келечек күндөрү менен өлчөнөт. Заманбап театр театр көп түрдүү. Интер активдүүлүк бул жаңыча театрдын тренди. Театр тилинин прогрессинин өсүшү, көрүүчүлөрдүн жаңы форманы кабыл алуусундагы өзүнө тартып алуусу менен кызыктыруусунда жатат. Документалдуу театр, физикалык театр, художниктин театры, новатордук театр, продюсердик театр, проектик театр. Жаңы драма, вербатим, перформанс жана хеппининг. Искусство кылымдар боюу башкарылган. Албетте, башкаруу технологиясы өзгөрүлдү. Мененджмент – илим гана эмес, башкаруу искусствосу. Театралдык мененджменттин жаңы формасы: коопродукция, жарым-жарым вертикалдуу франшиза. Жаны мененджердин аспабы – мыкты коммуникативдүүлүк, уга билүү, заман талабынын адамы, өзүнө өзү импресарио болуулук. Арт-мененджер универсал адам болуу керек.

Акыры жер чирип, топурак шамалга учуп кетет, анын эли өлөт, искусство менен алектенгендерди кошпогондо, изи жок жоголот, Искусство "элдин жаны", ал эң маанилүү булактардын бири адамдардын ортосундагы байланыш. Искусство адамда кубанычты жана ырахатты, боорукердикти ойготот. Искусство – жакшылыкты жаратуунун эң маанилүү формуласы. Искусство эч качан жамандыкка жол бербейт. Ф.М. Достоевский. "Чыныгы искусство ар дайым заманбап, турмуштук жана пайдалуу." Ошондуктан, искусство түбөлүк жашай берет.

Театр – адамдардын жандуу баарлашуусунун бирден-бир чөйрөсү. Театр искусствосунун концепциясын иштеп чыгуу максаты - театралдык ишкердүүлүктүн салттуу формаларында жана эксперименталдык ыкмаларды колдонуу менен динамикалык өнүгүүсүн камсыз кылып, сахна өнөрүнө жетишүүнүн жолдору менен ыкмаларын аныктоо. Калк үчүн театр искусствосунун жеткиликтүүлүгү. Балдар үчүн театрды өнүктүрүү, балдарга жана жаштарга багытталган маданий иш-чаралар. Балдар жана өспүрүмдөр үчүн театр инсанды коомдоштуруунун, көркөм табитти калыптандыруунун кубаттуу куралы, эстетикалык жактан өнүккөн чыгармачыл инсанды тарбиялоонун механизми. Театр өзүнүн айланасында коомдук жашоону калыптандырат.

Театр искусствосунун өнүгүшүнүн заманбап тенденциясы - эксперименталдык спектаклдерди, театр фестивалдарын түзүү. Театрдын өнүгүшүнүн эң маанилүү стимулу - анын гастролдук ишмердүүлүгү. Репертуардык жана репертуардык эмес моделдерди бөлүүгө азырынча көнө элек заманбап көрүүчү театрга спектакль эмес, белгилүү бир имаратка саякат катары барат. Тышкы жылдыздарды өзүнө тартуу жакшы башкаруучулук кадам. Өз ара текшерүү институту болушу керек – көркөм сынак комиссиясы ( ХЭК)

"Искусство, жашоо сыяктуу, алсыздардын колунан келбейт" - А.Блок. Театр искусствосунун жаңылануу процесси кайтарылгыс. Эгерде мамлекет өзүн маданий жана социалдык деп эсептесе, анда ал маданий мекемелерди камтышы керек. Бүгүнкү учурда терең, саясий, социалдык-экономикалык, маданий өзгөрүүлөр болуп өттү. Мамлекет жана коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрү, анын ичинде театрлар да түп-тамырынан бери реформаланды. Көркөм өнөр, коом, бизнес жана мамлекеттин жаңы союздук байланыштары түзүлдү. Театр процессинин структурасынын өзгөрүшү. Бүгүнкү күндө продюсердик институт театрды өткөндү жана келечекти байланыштыруучу ролду ойнойт. Совет маданияты эл үчүн демократиялык театрды жаратты. Ал адамдын адеп-ахлактык жана руханий токтоп калуусуна жана деградациясына эмес, адеп-ахлактык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө багытталган, аны массалык маданият ийгиликтүү колдоп турат. Театр искусствосу – бул чыгармачылыктын синтетикалык түрү. Театр бизнесинин концепциясы бул мамлекеттик колдоо. Театр иши бул театр ишинин жүзөгө ашырылышын камсыз кылган уюштуруучулук жана экономикалык тутум. Спектаклдерди түзүү жана көрсөтүү. Көрүүчүлөрдүн аткаруучулук искусствого болгон руханий керектөөлөрүн канаттандыруу жана калыптандыруу максатында театрлаштырылган иш чараларды жүзөгө ашырган уюм. Репертуардык театр актерлор, режиссёрлор, сценаристтер, хореографтар, администраторлор үчүн мыкты мектеп экендигин продюсер так түшүнөт. Демек, продюсер салттуу театрды сактап калууга кызыкдар. Спектаклдин түзүүчүсү жана продюсери: ал команда түзөт, каржылоо, өндүрүш убактысы үчүн жооп берет. Ал келечектеги өндүрүштүн бардык негизги чыгармачыл жана өндүрүштүк параметрлерин аныктайт

Продюсер чыгарманын түпнуска темасын тандап, идеяны долбоорго айлантып, каржылоону камсыздап, автордук укук маселелерин түшүнүп, график жана каржы планын түзө билиши керек. Өндүрүш тобун түзүп, келишимдерди түзүп, өндүрүштү жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



машыгууларды көзөмөлдөп, маркетингдик стратегияны аныктап, шоу уюштуруу.

Театрлаштырылган уюмдун эки түрү - "репертуардык театр" жана "долбоордук театр". Биринчиси салттуу түрдө мамлекеттик, стационардык, экинчиси - эркин, өзгөрүлмө, динамикалуу деп кабыл алынат. Репертуардык театрда чыгармачылык ишмердүүлүктүн "өлчөө бирдиги" бул - спектакль театрлаштырылган уюмдун проект түрүндө бул жерди - продюсердик долбоор ээлейт, концепциясы кененирээк (фестивалдар, спектаклдер, иммерсивдүү шоулор, арт-акциялар, лабораториялар). Жарнамалоо стратегиясын түзүү жана маркетингдик кадамдарды иштеп чыгуу зарылдыгы - бул фестивалдын иштешинин жалпы мүнөздөмөсү. Анда театрды башкаруунун өндүрүштүк элементтери колдонулат. Долбоор театры жеке же мамлекеттик болушу мүмкүн. Бүгүнкү күндө ийгиликтүү театр режиссерлору жана көркөм жетекчилер дагы продюсер деп аталат. Театр – мамлекет тарабынан колдоого алынышы керек. Эгер мамлекетибиздин маданият жана искусствосун дүйнөлүк деңгээлге көтөрүшүүбүз керек десек – дүйнөлүк өзгөрүүлөр менен жакындашуубуз зарыл.

**Адабияттар:**


1. Дадамян Г.Г. Театр в культурной жизни России (1914-1917 гг.) - М.: РАТИ, 1987. - 195 с.
2. Князева А.Е. Российский институт театрального искусства – ГИТИС. - Москва, 2017.
3. Доманский В.А., Ануфриев С.И. Искусство и литература как самосознание культуры. // Вестник Томского государственного педагогического университета. - 1997. - Томск. Вып. 1. - С. 36-39.
4. Астафьева Т. В. Современное театральное искусство как новая форма творческих отношений / Т.В. Астафьева // Известия Уральского государственного университета. - Сертя 1. / Проблемы образования, науки и культуры. - 2010. - N6 (85). - Ч. 1. - С. 161-166.
5. Бообекова Я. Язык и речь – основной инструмент театрального искусства. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №1. 2019. С.116-122.